DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

Жамгырчиева Г.Т.

УИЛЬЯМ ШЕКСПИРДИН «ГАМЛЕТ» ТРАГЕДИЯСЫНДАГЫ ЛИНГВОСТИЛИСТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРДЫ КОТОРУУ ЫКМАЛАРЫ

Жамгырчиева Г.Т.

СПОСОБЫ ПЕРЕВОДА ЛИНГВОСТИЛИСТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ В ТРАГЕДИИ УИЛЬЯМА ШЕКСПИРА «ГАМЛЕТ»

G.T. Zhamgyrchieva

THE WAYS OF TRANSLATION OF LINGUOSTYLISTIC MEANS IN WILLIAM SHAKESPEARE TRAGEDY HAMLET»

УДК:801.313:804.0

Макалада драматург У.Шекспирдин "Гамлет" трагедиясы лингвостилистикалык талдоого алынат жана чыгармадагы поэтикалык функцияларга жана өзгөчөлүктөргө көңүл бурулат. Ар башка доордо жашаган окурмандарга түшүнүктүү болуш үчүн котормочу оригиналдагы кээ бир учурларды кыргыз тилиндеги макал-лакаптар менен берген учурлары да макалада камтылган. Пьесанын жалпы атмосферасын түзүүдө Шекспир көркөм троптун татаал түрлөрүнөн, анын ичинде айрыкча метафораларды устаттык менен колдонот. Мындан беш кылым мурда жазылган бул чыгарма ар бир замандын сынагынан өтүп келет жана актуалдуулугун жоготпойт. Башкы каарман Гамлет, өзү жашап жаткан коомдун абийир соту катары чыгат, андагы болуп жаткан жалганчылык, өң карамалык, адилетсиздик жана мыкаачылыкка тайманбай каршы чыгат. Мындай учурлар Шекспирдин чыгармачылыгында ыр менен да кара сөз менен да берилген жана котормочу бул эки вариантты тең бирдей алып кетип, стилистикалык каражаттарды өз деңгээлинде колдоно алгандыгы макалада белгиленет.

Негизги сөздөр: *Гамлет трагедиясы, сюжет, каражаттар, поэтика, лингвостилистикалык талдоо, стилистикалык талдоо, көркөм троп.*

В статье проводится лингвостилистический анализ трагедии "Гамлет" драматурга У.Шекспира и уделяется внимание на поэтико-стилистические особенности произведения. В статье отмечается использование переводчиками в целях обеспечения доходчивости для читателей соответствующих эпох пословиц на кыргызском языке для некоторых случев оригинала произведения. В создании общей атмосферы пьесы У.Шекспир умело использует сложные виды художественных троп, в том числе и метафоры. Произведение, написанное более пяти веков назад, выдерживает испытания каждого времени и не теряет своей актуальности. Главный герой Гамлет выступает в роли суда чести общества, в котором живет и против существующей в нем лжи, произвола, несправедливости и дерзости. Приведенные случаи представлены в произведениях У.Шекспира как поэтически, так и в форме прозы, переводчик параллельно принимает оба варианта на соответствующем уровне, используя стилистические средства, которые отмечены в статье.

Ключевые слова: *трагедия Гамлет, сюжет, поэтика, средства, лингвостилистический анализ, стилистический анализ, художественный троп.*

The article provides a linguistic and poetic analysis of Shakespeare's tragedy "Hamlet", pays attention to the poetic and stylistic features of the work. The article describes such cases when the translator describes some situations from the original through Kyrgyz proverbs and sayings , so that they are understandable to readers of different eras. In creating the overall atmosphere of the play, Shakespeare skillfully uses complex types of artistic tropes, including metaphors. The work, written more than five centuries ago, passes the tests of each time and does not lose its relevance. The main character Hamlet acts as a court of honor of the society in which he lives and against the existing lies, arbitrariness, injustice and audacity. Such cases are presented in Shakespeare as a song and prose, and the article notes that the translator was able to present both options equally and translate stylistic means at the proper level.

Key words: *the tragedy of hamlet, the plot, poetics, media, formal analysis, stylistic analysis, artistic trope.*

У. Шекспир англис тилинин тарыхындагы улуу сөз чебери, сөз күчүнө ишенген тилдин реформатору экендиги талашсыз. Бул анын чыгармасынын кынапталган стилинен, лексикалык байлыгынан жана да, албетте, бийик идеялуулугунан көрүнөт. Чыгарма негизинен ыр менен жазылып, айрым жерлеринде каармандар кара сөз менен сүйлөшөт. Пьесанын жалпы атмосферасын түзүүдө драматург көркөм троптун татаал түрлөрүнөн, анын ичинде айрыкча метафораларды устаттык менен колдонот. Алсак:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Бир көз күлүп, экинчиси муңайган [4, 16].

To be contracted in one brow of woe [34]

Полонийге карата:

О, мына бул *эт салган кап* чандайган [4, 21].

O, that this too sullied flesh would melt [p.38]

Адабий сынчылар трагедиядагы негизги лейтмотивдерди бөлүп көрсөтүү үчүн коомдун ирип-чирип, өлүп бараткан образын жаратууда драматург каармандардын кебинде кунары жок, ыкыр-чыкыр, оору, жара, сасып кетүү, жыттануу сыяктуу сөздөрдү колдонот:

Басар жол жок, *ыкыр-чыкыр* үйүлгөн [4, 21].

That growth to seed. Thins rank and gross in nature [38].

Ал эми бул кебелбес бийик асман да, абанын чексиз мейкини да, мына бул алтын учкундан курулган укмуштай сонун шып да менени көзүмө жөн гана *сасык жана зыяндуу* буунун кошундусундай көрүнөт [4, 74].

this most excellent canopy, the air, look you, this brave o'erhanging firmament, this majestical roof fretted with golden fire, why, it appeareth nothing to me but a *foul* and *pestilent* congregation of vapors [75].

Ушул чөйрө ***кунары жок, зээни жок,***

Мааниси жок, маңызы жок бирдеме [4, 21].

How weary, stale, flat, and unprofitable

Seem to me all the uses of this world [38]

Ошондой эле айрым сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулушу учурайт:

Атаң кийген таажысынын так өзүн

Ошол ***жылан*** кийип жүрөт башына [4, 43].

The serpent that did sting thy father's life

Now wears his crown [53].

Ушул сыяктуу эле Гамлеттин Розенкранц менен Гильденстернге карап айткан сөзүндө:

Анан калса кайдагы бир ***сүлүктөрдүн*** мага суроо берип турганын көрчү [4, 143].

Besides, to be demanded of a sponge [123]

Жалаң эле жеке сөз эмес, айрым сүйлөм иретинде да каймана айтылган айтымдар Гамлеттин кебинде жыш учурайт:

Тоо артында **карышкыр** **токтуну** аңдып калыптыр [4, 144].

Hide fox, and all after! [124].

Пьесада акын жана котормочу С.Жусуевдин кыргыз тилиндеги эквивалентке ылайыктап макал-лакаптарды колдонуу менен таржымалаган саптары да кездешет:

Кылмыш кылып, аны катуу кыйын иш,

Кырк жылда да калкып чыгат кыңыр иш [4, 28].

Till then sit still, my soul. Foul deeds will rise

Though all the earth o'erwhelm them, to men's eyes [43].

Же болбосо:

Канча бакпа – токойду эңсейт **карышкыр**.

Жөнөкөй эл өкүлдөрүнүн королдун сарайындагы былык иштерди жасаган сөөлөттүү адамдарга караганда канчалык абийирдүү экендигин көрсөткөн кара сөз түрүндө айтылган айтымдар бар:

Анда *балык сатардай абийирдүү* болушуңуз дурус [4, 65].

You are a fishmonger

Then I would you were so honest a man [71].

Чыгармада татаал көркөм сөз каражаттары менен бирге эле жөнөкөй салыштыруулар да арбын. Алсак, согуш жүрүштөрүн антипатия менен сыпаттаган автор төмөндөгүдөй салыштырууну колдонот:

Төшөккө окшош **мүрзөлөргө** жатканы [4, 151].

And let all sleep, while to my shame I see [129].

Мында салыштыруу *төшөккө* деген негизги компонентке *окшош* сөзүнүн кошулуп айтылуусу менен түзүлгөн. Бул сыяктуу көркөм сөз каражаттарын колдонуу менен автор өз доорунун колдоого арзыбаган, адамзат үчүн уят иш болгон согуш маселесине карата терс мамилесин берген деген ойдобуз.

Трагедиядагы башкы көңүл буруучу турмуштук көрүнүштөр катары коомдун бузулушу, аялдын аморалдык жүрүм-туруму, көзгө көрүнүп турган тышкы түспөл менен ички дүйнөнүн дал келбөөсү, кыргын салуучу согуштук иш-аракеттер, коомдо адилеттүүлүктүн, гумандуу аң-сезимдин, ыймандуулуктун жоголуп баратышы сыяктуу көрүнүштөр эсептелет. Коомдон жалгыз бөлүнүп чыгып, андагы кемчиликтерди көрүп-билип, ага нааразы болуп күйүп-жанган, жалгыздыкта калган каармандын образынын башталышынын бири катары Гамлеттин образын көрсөтүүгө болорун дүйнөлүк адабиятта адабий сынчылар белгилеп келишет. Кийинки доорлордо бул образ дүйнөлүк классикалык адабияттын көркөм туундуларына айланганчыгармаларда улантылган, ага испан, англис, француз ж.б. адабияттарынан көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот.

Адабий сынчы В.Г. Белинский белгилегендей, трагедиянын башкы каарманы Гамлеттин күчү анын **алсыздыгында,** башкача айтканда, руху күчтүү инсан катары ал чөгүп, төмөндөп бара жатканда да өзүнүн көтөрүлүшчү, топ бузган айбаты менен кубаттуу. Ал өзү жашап жаткан коомдун абийир соту катары чыгат, андагы болуп жаткан жалганчылык, өң карамалык, адилетсиздик жана мыкаачылыкка тайманбай каршы чыгат. Анын ички дүйнөсүнүн байлыгы билимдүүлүгү менен айкалышып турат, гуманист

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

адам катары ал атасынын арбагынан анын өлүмү тууралуу чындыкты угар замат барып эле кан кууган өчтү алып, абасын өлтүрө койбойт. Байыркы уруулук доордон келе жаткан, орто кылымдарда да жашоосун уланткан **кан кууган өч алуу**га Гамлет түпкү аң-сезиминде каршы экендиги пьесанын мазмунунан интуициялык деңгээлде сезилип турат. Ушул себептерден да бул башкы каарман бардык доорлордо жашай берүүчү, актулдуулугу түбөлүктүү социалдык-психологиялык феноменге айланган деген пикирлерге кошулуу максатка ылайык [1; 2; 3].

Жыйынтыктап айтканда, У.Шекспирдин мындан дээрлик беш кылым мурда жазылган трагедиясы бардык доорлордогу адам турмушунун дайым жашоочу маселелерин алып чыкканы менен нарктуу. Автор жашаган XVI-XVII кылымдардагы драматургия жанры адабияттын ажырагыс бөлүгү катары келип, ошол мезгилдеги эл массасына көбүрөөк түшүнүктүү, жакын, кабылдоого жөнөкөй жанр катары эсептелген жана автордун ой-туйгуларын берүүнүн жеткиликтүү жолу болгондугу талашсыз. Трагедиянын автор койгон концепциялары биздин мезгилдерде да актуалдуулугунан тайган жок. Андан кийинки доорлордогу адабияттын өнүгүшүнө күчтүү таасирин тийгизип, алга жылуусуна жардам берди. Борбордук каарман Гамлеттин образы болсо пьесанын чегинен чыгып, кеңири алкакта каралуучу адабият таануучулук чоң теманын объектисине айланды. Чыгарма дүйнө элдеринин көптөгөн тилдерине которулган, кыргыз тилиндеги котормолорунун ичинен биз мисалга тартып жаткан акын С.Жусуевдин көркөм котормосу бир топ чыйрак деңгээли менен айырмаланат десек болот.

Адабияттар:

1. Бабенко Н.Г. Лингвопоэтика русской литературы эпохи постмодерна. - СПб., 2007.
2. Бахтин М.М. Вопросы литературы и эстетики. Исследования разных лет. - М., 1975.
3. Озмитель Е.К. Теория литературы. - М., 1986.
4. Шекспир В. Гамлет. Трагедия. (Которгон С.Жусуев). - Ф.: Кыргызстан, 1983. - 221 б.